| | |
| --- | --- |
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ГУЛЬЧИНСКИЙ**<br>**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2– отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 20-февралы № 2/1 Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетун кароо жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши, Гүлчө шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жөнүндө мэр Н.Э.Тажибаевдин отчетун угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-berененин 2-6-пунктуна ылайык, **токтом кылат:**

1. Мэриянын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчету жактырылсын.

2. Мэрияга бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу жана киреше бөлүгүн көбөйтүү боюнча иштерди улантуу милдеттендирилсин.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы кеңештин экономика, бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2 - отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы № 2/2 Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарына караштуу Чыйырчык ашуусундагы жайыт жерге «Альфа-Телеком» жабык акционердик коомуна байланыш базалык станциясын жайгаштырууга 16 чарчы метр жер тилкесин убактылуу ижарага макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесинин 6-пунктуна ылайык, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктунун негизинде жер реформасы, муниципалдык менчиктер, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Чыйырчык участкасынан 16 чарчы метр жер тилкесин «Альфа-Телеком» жоопкерчилиги чектелген коомуна байланыш базалык станциясын жайгаштырууга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен кабыл алынган токтомдун негизинде юридикалык документтерин тактап, даярдап, аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчиктер, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2 – отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/3** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө дарыясынын жээгине дамба куруу үчүн шаардык кеңештин макулдугу жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2-отурумунда, мэр Н.Э.Тажибаевдин Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Алай райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү тарабынан 2026-жылга карата даяр болгон эскиз долбоору боюнча сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дүйнөлүк банктын каржылык колдоосу менен Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу Гүлчө дарыясынын оң жак жээгинде жайгашкан Ыр-Кесе участкасынан 410 м, Алымбек датка эс алуу жайындагы участкасынан 758 м, А.Мамытов атындагы борбордук стадион участкасынан 102 м, «Гүлчө Автобекет» участкасынан борбордук базарга чейин 465,0 м, жалпы 1735,0 м аралыктагы Гүлчө дарыясынын жээгине дамба куруу үчүн макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчиктер, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2 -отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/4** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарына караштуу Октябрь участкасынын аталышын “Кум-Бел” же Рыспай Жапышев атындагы участкасы деп өзгөртүү жөнүндө**

Мамлекет тарабынан мурдагы орусча аталыштагы айылдарды кыргыз тилиндеги аталышка өткөрүү боюнча оозеки тапшырмасына ылайык, баяндамачы Э.Кадырованын 05.02.2026. Октябрь айылындагы элдик жыйындын протоколунун негизинде, Кыргыз Республикасынын «Географиялык аталыштар жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренесиндеги калктуу конуштардын көчөлөрүнө, эс алуучу жайларга, мекеме ишканаларга, ж.б. объектилерге ысым ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун талаптарына жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кенеши **токтом кылат:**

1. Жогорудагы оозеки тапшырмага жана элдик жыйындын протоколуна, атайын Жобонун талаптарына ылайык, Октябрь участкасы - Социалдык Эмгектин Баатыры, Октябрь айылынын тургуну, маркум Рыспай Жапышев атындагы участкасы болуп өзгөртүлсүн.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кенешинин Мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2 – отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/5** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын социалдык-өнүгүүсүнө жана элдин жашоо-шартын жакшыртууда кошкон зор салымы үчүн Гүлчө шаарынын тургуну Примов Бердибай Примовичке “Гүлчө шаарынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши, мэр Н.Э.Тажибаевдин, Гүлчө шаарынын социалдык-өнүгүүсүнө жана элдин жашоо шартын жакшыртууда кошкон зор салымы үчүн Гүлчө шаарынын тургуну Примов Бердибай Примовичке “Гүлчө шаарынын Ардактуу атуулу”наамын ыйгаруу жөнүндө сунушун угуп,“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун талаптарына, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын социалдык-өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн, элге жасаган өрнөктүү иштери жана көпчүлүк жаштарга үй-бүлөдө, ишинде да үлгүлүү болгон Гүлчө шаарынын тургуну Примов Бердибай Примовичке “Гүлчө шаарынын Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын жана «Гүлчө шаарынын Ардактуу атуулу» жазуу лентасы, күбөлүгү, төш белгиси кошо тапшырылсын.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарыныи кезексиз 2-отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/6** **Гүлчө шаары**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” №296 Жарлыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Маркумдарды жайга коюу салттарын жана каадаларын тартипке келтирүү, кыргыз коомунун руханий адеп-ахлактык баалуулуктарын коргоо, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу жөнүндөгү” буйругунун негизинде, Гүлчө шаарынын аймагында жана башка калктуу конуштарда маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө Типтүү Жобону бекитип берүү жөнүндө баяндамачынын билдирүүсүн угуп, талкуулап, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-берене-
синин 1-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” №296 Жарлыгына ылайык, Гүлчө шаарынын аймагында жана башка калктуу конуштарда маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө Типтүү Жобосу - мэрия тарабынан коомдук угуулар уюшулгандан кийин өзгөртүү, толуктоо киргизүү жолу менен бекитилсин.

2. Бекитилген Жобонун талаптарына ылайык, маркумду жайга коюуга жерди брондоо акысы, райондук маанидеги шаар статусунун коэффиценти - 500 сом экени эске алынсын жана депутаттар тарабынан 49,500 сом сунушталып, Гүлчө шаарынын аймагы боюнча маркумду жайга коюуга жерди брондоо үчүн, жалпы брондоо акысы – 50,0 (элүү миң) сом болуп бекитилсин.

3. Мыйзамга ылайык, жайга коюлган эстеликтердин бийиктиги 0,70 см ден ашпасын жана кабыл алынган токтомдун аткаруу мөөнөтү коомдук угуулардан кийин ишке ашырылсын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияна тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2– отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/7** **Гүлчө шаары**

## Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги Жеңиш аянтынын ичинен шахмат клубунун күйөрмандарынын өтүнүчү боюнча, аянты 30,0 (отуз) чарчы метр жер тилкесине атайын жеңил типтеги шахмат ойноочу жай курууга макулдук берүү жөнүндө

Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги Жеңиш аянтынын ичинен, демөөрчү Аширов Калык тарабынан сунуш болуп, шахмат сүйүүчүлөрдүн өтүнүчү менен атайын жеңил типтеги шахмат ойноочу жай курууга 30,0 (отуз) чарчы метр жер тилкесине макулдук берүү жөнүндө жер реформасы боюнча туруктуу комиссиянын мүчөсү Ш.Осуевдин билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктунун негизинде, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын Алымбек датка көчөсүндө жайгашкан Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги Жеңиш аянтынын ичинен, аянты 30,0 (отуз) чарчы метр болгон жер тилкесине жеңил типтеги шахмат ойноочу жай курууга макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде тактап, камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жана жер, муниципалдык менчиктер, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2– отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/8** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын Алымбек датка көчөсүнө төрт тилкелүү жол курулуп жаткандыктан, жол жээгиндеги 108 даана жана Гүлчө эс алуу багындагы реконструкциялоо иштерине тоскоол болгон 95 даана тал-теректерди кыйдыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарында төрт тилкелүү жол курулуп жаткан Алымбек датка көчөсүнүн жол жээгиндеги 108 даана жана Гүлчө эс алуу багындагы реконструкциялоо иштерине тоскоол болгон 95 даана тал-теректерди кыйууга макулдук берилсин.

2. Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынан жогорудагы тал-теректерди кыйдырууга уруксат кат алып келүү жагы Гүлчө шаарынын мэриясына тапшырылсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы мэр Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2– отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/9** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарына караштуу Кош-Тектир участкасынын башкы көчөсүнө Алимбеков Ормонбектин ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Географиялык аталыштар жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренесине жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши, мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун корутундусунун негизинде, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарына караштуу Кош-Тектир участкасынын башкы көчөсүнө Алимбеков Ормонбектин ысымы ыйгарылсын.

2. Алимбеков Ормонбектин ысымы ыйгарылган көчөгө кеткен чыгымдары үчүн жумшалган акча каражаттары О. Алимбековдун үй-бүлөсүнө милдеттендирилсин.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы мэр Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

**4**. Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2 -отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 20-февралы** **№ 2/10** **Гүлчө шаары**

**Чыйырчык ашуусуна Тооке атанын мемориалдык айкелин орнотуу үчүн 30 чарчы метр жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2-отуруму, Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген Тооке атанын мемориалдык айкелин орнотуу үчүн Чыйырчык участкасынан 30 чарчы метр жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө баяндамачынын билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесинин 6-пунктуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун жетекчиликке алып, Гүлчө шаарынын кеңешинин жер маселеси боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезексиз 2-отуруму, Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген Тооке атанын мемориалдык айкелин орнотуу үчүн 30 чарчы метр жер тилкеси бөлүнүп берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А. Б. Самиев**